20. Васильев А.А., Шпопер Д. Искусственный интеллект: правовые аспекты // Известия АлтГУ. Юридические науки, 2018, №6(104), с.23-26.
21. Огородов Д.В. Проблемы этической регламентации систем искусственного интеллекта (робототехники): обзор круглого стола IP Форума Суда по интеллектуальным правам. 2018.

УДК 340
DOI 10.58649/1694-8033-2023-4(116)-133-137

**Урматова А.Д., Айдарбекова Г.Б.**
Ж.Баласагын атындагы КУУ
**Урматова А.Д., Айдарбекова Г.Б.**
КНУ им. Ж.Баласагына
**Urmatova A.D., Aidarbekova G.B.**
KNU J.Balasagyn
ORCID 0000-0001-8591-3316; SPIN-код: 6972-4931
ORCID 0000-0001-8608-4724; SPIN-код: 1971-0215

# КУБАНЫЧБЕК НУРБЕКОВДУН ТАРЫХЫЙ-УКУКТУК ИЛИМДЕГИ ОРДУ
# МЕСТО КУБАНЫЧБЕК НУРБЕКОВА В ИСТОРИКО-ПРАВОВОЙ НАУКЕ
# THE PLACE OF KUBANYCHBEK NURBEKOV IN HISTORICAL AND LEGAL SCIENCE

**Кыскача мүнөздөмө:** Илимий макала мамлекеттик укуктун негизин түптөгөн алгачкы окумуштуу жана юридика илимдеринин алгачкы доктору Кубанычбек Нурбековдун тарыхый-укуктук илимдеги орду тууралуу илимий таризде кароо менен анын бүгүнкү күндөгү юридикиалык илимдеги ордун кароого жана бекемдөөгө багытталган. Кубанычбек Нурбековдун юриспруденция багытында арналган илимий-эмгектеринин өзгөчөлүктөрү каралган.

**Аннотация:** Научная статья посвящена рассмотрению в научной форме места Кубанычбека Нурбекова, первого ученого и первого доктора юридических наук, заложившего основы государственного права, в историко-правовой науке, а также рассмотрению и укреплению его позиции в современной юридической науке. Предусмотрены особенности научных работ Кубанычбека Нурбекова, посвященных юриспруденции.

**Abstract:** The scientific article is devoted to the consideration in a scientific form of the place of Kubanychbek Nurbekov, the first scientist and the first doctor of law, who laid the foundations of state law, in historical and legal science, as well as to the consideration and strengthening of his position in modern legal science. The features of Kubanychbek Nurbekov's scientific works devoted to jurisprudence are provided.

**Негизги сөздөр:** өз алдынча башкаруу; контроль; көзөмөл; борборлоштуруу; мамлекет.
**Ключевые слова**: самоуправление; контроль; надзор; централизация; государство.
**Keywords:** self-government; control; supervision; centralization; state.

Кубанычбек Нурбеков – юридика илимдерин, башкача айтканда, мамлекеттик укуктун негизин түптөгөн алгачкы окумуштуу жана юридика илимдеринин алгачкы доктору,

Кыргыз ССРинин профессору. 18 жашында эле "Улуу Ата Мекендик согуштагы каармандык эмгеги" үчүн СССР Жогорку Советинин Президиумунун медалы менен сыйланган.

Чындыгында ар бир мамлекеттин түптөлүшүнө, өнүп-өсүшүнө ар бир мамлекеттин чыгаан инсандарынын кошкон салымы өтө чоң болот, бирок ошол эле учурда мамлекет да, башкача айтканда, жергиликтүү бийлик да ар бир жаранын, жаранынын кызыкчылыктарын, көз караштарын, салымын коргош керек. Маселен А.Д. Урматова өзүнүн көз карашында: “Ар бир мамлекеттин негизги милдети өз жарандарынын жашоо-турмушу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү жана алардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо болуп саналат. Андыктан калктын жашоо сапатын жакшыртуу, аймактарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү муниципалдык түзүлүштөрдүн негизинде жүзөгө ашырылат. Анткени жергиликтүү бийликтин негизги милдети, түздөн-түз жергиликтүү маселелерди чечүү болуп эсептелет”[1], – деп белгилейт.

Кубанычбек Нурбеков Талас районунун Бүлкүлдөк айылдык кеңешинин Кум-Арык айылында 1928-жылы 26-апрелде туулган.

Атасы Кедейбай уулу Нурбек революцияга чейин бий болгон. Ошол мезгилдеги шартка байланыштуу тарыхый жана саясий жагдайлардан улам, өмүр баянында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган деп жазган.

Кубанычбек Нурбековдун атасы Нурбек менен апасы Алиман 11 балалуу болушкан, алардын ичинен Кубанычбек тогузунчусу болгон. Кубанычбек Нурбеков 8 жашка чыкканда Талас районундагы кеңештин жети жылдык мектебине тапшырган. 1942-жылы 7-классты аяктагандан кийин, 1945-жылдын октябрына чейин өз мектебинде башталгыч класстын мугалими катары калат. Андан кийин Покровский районуна жөнөтүлүп, Бала-Карин жети жылдык мектебинин башчысы болуп дайындалат.

1946-жылы "Улуу Ата Мекендик согуштагы каармандык эмгеги" үчүн СССР Жогорку Советинин Президиумунун медалы менен сыйланып, орто мектептин 8-9-класстарына сырттан экзамен тапшырат. Өзүнүн билими жок экенин түшүнүп, Фрунзе шаарына барып №5 орто мектебинде окуусун улантып, аны аяктагандан кийин Ташкенттеги юридикалык институтка тапшырып, аны 1951-жылы ийгиликтүү аяктайт.

Андан ары өз мекенине кайтуу жана карьералык тепкич боюнча кадамдарын: Юстиция министрлигинин сот органдары башкармалыгынын улук консультанты, консультант-методист, Фрунзе юридикалык мектебинин окутуучусу, андан кийин ошол эле жерде сырттан окуу бөлүмүнүн директорунун орун басары жана Юстиция министрлигинин жооптуу кызматкеринен баштаган.

1954-жылы КМУда юрфак ачылат, андагы илимий-педагогикалык ишмердүүлүк жолунда 15 жылдан ашык убакыт (улук окутуучу, советтик укук кафедрасынын доценти, профессор, факультеттин деканы, кафедра башчысы болуп) эмгектенген.

Ошондой эле *Кубаныч Нурбеков 1958-жылы Москвада "Кыргыз АССРин Кыргыз ССРине айландыруу" аттуу кандидаттык диссертациясын мыкты коргогон.*

*1968-жылдын июль айында Алма-Атада "Кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышы жана өнүгүшү" – деген темада доктордук диссертациясын ийгиликтүү жактаган.* Кийинки жылдын сентябрь айында СССРдин жогорку жана орто атайын билим берүү боюнча Жогорку аттестациялык комиссиясынын чечими менен ага юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасы ыйгарылат, ал эми 1970-жылы профессор наамына бекитилет.

*Болочок укук таануучуларды агартууда Кубаныч Нурбеков лектор катары ЖОЖдун программасынын катаал чектери менен чектелип калбастан студенттерге кыргыздар байыркы элдердин бири экенин дайыма эскертип, элибиздин бай тарыхын камтыган булактарга шилтеме жасап келген. Окумуштуу жаш муундар өз элинде акылдуулукту, ыкластуулукту жана сабырдуулукту баалай билүү керек деп айтуу менен улуттук аң-сезимди жана патриотизмди өнүктүрүүгө өбөлгө болоорун баса белгилеген.*

Кубаныч Нурбеков көптөгөн эмгектеринде: "Эне тилдин көркөм дүйнөнү таануудагы ролун, ошондой эле, улуттун сакталышына өбөлгө түзгөн функционалдык маанисин таанып кою болбойт. Улуттун бар болушунун негизги критерийлеринин бири эне тил болуп саналат", – деп белгилеген.

Бүгүнкү күндө анын идеялары турмушка ашырылып коомдук "Кыргыз ССРин түзүү" эмгегинде, мамлекетибиздин өнүгүшүнүн негизги критерийлеринин бири катары тилди, үрп-адаттарды, каада-салттарды билген улуттук кадрларды даярдоо, ошондой эле, жергиликтүү калктын өкүлдөрүнөн турган башкаруу аппаратын түзүү керектигин айткан.

Ошону менен бирге Кубаныс Нурбеков суверендүү мамлекеттин негизи макулдашылган экономика, анын базасы болууга тийиш экендигине өзгөчө басым жасаган. Өндүрүштү өнүктүрбөй туруп, дүйнөлүк стандарттар боюнча өнөр жайдын тийиштүү өсүү деңгээлисиз мамлекет жөнүндө *цивилизациялуу уюм катары сөз кылуу мүмкүн эмес деп* баса көрсөткөн. Анын мындай *илимий эмгектеринин* барактарын барактап, көсөмдүгүнө, көрөгөчтүгүнө дагы ынанбай кое албайсын. Тоо-кен мүмкүнчүлүктөрүн жана өндүрүштүк мамилелерди изилдөөлөр тууралуу, "Өнүккөн социализм "мезгилинде эле *эгемендүү мамлекеттин азыркы мамлекеттик, социалдык*-экономикалык түзүлүшүн алдын ала көргөн. Кубанычбек Нурбеков 1978-жылы кабыл алынган Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын Конституциясынын Кыргыз текстинин авторлорунун жана редакторлорунун бири болгон.

Ал-орусча-кыргызча терминологиялык сөздүктү түзүүчүлөрдүн бири.

Кубанычбек Нурбекович өз эмгектеринде мамлекеттик түзүлүш жана мыйзамдуулук маселелери менен катар Кыргызстандын тарыхый Мамлекеттик өнүгүү проблемасын чечүүгө аракет кылган. Адам укуктары жана сот системасында укук таануу маселелерин изилдөөдө ал бул бөлүмдөрдү өтө кылдаттык менен изилдеп, тиешелүү тыянактарды чыгарган. Анын сот бийлигинин көз карандысыздыгы жана эркиндиги тууралуу тайманбас ойлору, ошол кездеги Кыргыз ССРинин мамлекеттик түзүлүшү боюнча айрым өзгөчө ой-пикирлери партиялык-советтик органдардын наразылыгын жаратканы белгилүү. Анын Кыргыз мамлекеттүүлүгү жөнүндөгү жобо формалдуу, кагаз жүзүндө гана бар экенин, партия жетекчилери шарттарды таңуулап, ошону менен сот системасынын ишине басым жасап жатканын кескин сынга алышты…

Окумуштуунун тубаса таланты жана Кубанычбек Нурбековдун изилдөөчүлүк ишмердүүлүгү Кыргызстанда жаңы илим – мамлекет жана укук теориясы жаатында тикенектүү жол ачты. Бул мезгилге чейин мамлекет жана укук теориясы боюнча адистерди даярдоо Россиянын, Өзбекстандын жана Казакстандын ЖОЖдорунда жүргүзүлүп келген.

К.Нурбеков Кыргыз мамлекеттик университетинде иштеп жүрүп, республикадагы бир катар белгилүү укук таануучу адистерди тарбиялаган.

Анын адам укуктарын социалисттик система менен чектөө жана кемсинтүү боюнча кескин сын макалалары, мамлекеттик түзүлүш тууралуу популисттик теорияларды

ашкерелөө, Кыргызстандын эгемендигин жана көз карандысыздыгын алдын ала айтуу, албетте, бийликтин чабуулуна кабылган. Бирок Кубанычбек Нурбеков өз позициясында бекем турган.

1970-жылы ал мындай деп жазган: "Өзүн-өзү аныктоо укугу – бул ар бир элдин (улуттун) улуттук байлыкты жана аймакты өз алдынча башкаруу, өзүнүн коомдук-экономикалык түзүлүшүн жана саясий статусун эркин аныктоо, бөлүнүүгө чейин, өз алдынча улуттук мамлекетти түзүү укугу". "Саясий өзүн-өзү аныктоо маселеси демократиялык негизде улут элинин кызыкчылыгында каралышы жана чечилиши керек. Тигил же бул улуттун өкүлдөрүнүн бөлүнүү талабын коюусу демократия жана социализм үчүн күрөштүн жалпы кызыкчылыктарына каршы келиши да мүмкүн. Саясий өзүн-өзү аныктоо талабы ошол талап коюлуп жаткан улуттун кызыкчылыктарына да карама-каршы келет. Ага карабастан, эч ким ички жашоого күч менен кийлигишүүгө жана "анын каталарын оңдоого" күч менен укугу жок. "Кыргыз ССРи өз аймагына карата үстөмдүктү жүзөгө ашырат. Аны эл өзү эгемендүү жана тең укуктуу башкарат. Кыргыз ССРинин аймагы, республиканын керектүү материалдык базасы кол тийгис жана кыргыз элинин өзүнүн макулдугусуз өзгөртүлүшү мүмкүн эмес. Калктын эркине каршы аймактын чек араларын бардык күч менен өзгөртүү аннексия катары каралат, улуттун өзүн өзү аныктоо принцибин бузган агрессивдүү акт катары таанылат. Кыргыз эли өз мамлекеттик аймагынын толук кандуу кожоюну" [2].

Бул сөздөрү үчүн окумуштуу университеттеги ээлеген кызматынан бошотулду. Нурбеков жумушсуз калды. Бир жарым жылдан кийин гана Кыргыз ССРинин Илимдер академиясынын Философия жана укук институтуна кенже илимий кызматкер болуп орношот. Кенже илимий кызматкер катары жаңы жерден баштап, адилетсиздикке жооп катары, ал бул кызматта бир жыл гана иштегенден кийин сектордун башчысы болуп калат.

Кубанычбек Нурбеков өзүнүн өзгөчө жеке сапаттарынын аркасында гана партократия деп аталган күчтүү мамлекеттик механизмге каршы теңсиздик күрөшкө туруштук бере алды.

Рухтун күчү бар адам жана ар тараптуу билимдүү илимпоз катары ал бир нече аспиранттарды тарбиялап, кийинчерээк анын ишке ашпаган идеяларын иштеп чыгууга жетишкен. Кыска, бирок мазмундуу өмүрүндө ал эки жүз илимий эмгектин жана изилдөөлөрдүн автору болгон. Кыргыздардын өзүнүн узак тарыхы бар экенин ал Кыргызстандын улуттук энциклопедиясынын чыгарылышына катышып, ал редакциялык кеңешке мүчө болуп туруп, мамлекет жана укук теориясы маселелери боюнча олуттуу изилдөөлөрдүн автору жана редактору болгонун далилдеди.

Кубанычбек Нурбекович көрүнүктүү юрист жана мыкты лектор катары, анын эмгек жолундагы бийик адеп-ахлактык сапаттары, адилет иштери айкалыштырган. Анын ар бир чыгармасын студенттер абдан кунт коюп окуп, андан сынак тапшырып, кыргыз элинин укугу менен мамлекетинин тарыхын билишкен. Белгилей кетсек, азыркы студенттер да совет мезгилиндеги Кыргызстандын мамлекет жана укук тарыхын анын окуу китептери аркылуу окуп жатышат.

Партия жетекчилеринин узак куугунтугунан кийин, бир нече инфаркттан кийин, ал өмүрүнүн акыркы 14 жылында эч нерсе жазган эмес. Илимпоз 57 жашында узакка созулган оорудан кийин көз жумган. Бул 1985-жылы болгон. Мамлекет жана укук теориясы боюнча улуттук илимдин калыптанышына жана өнүгүшүнө салым кошкон биринчи доктор, профессор Кубанычбек Нурбеков быйыл 89 жашка чыкмак.

Ал эгемендүү мамлекетте жашоо кыялына 6 жыл гана жеткен жок. Кыргыз Мамлекеттик Юридикалык академиясы тарабынан жаш окумуштуулардын юридикалык илим жаатындагы мыкты илимий жетишкендиктери үчүн Кубанычбек Нурбеков атындагы сыйлык жөнүндө жобо иштелип чыгып, кабинет-музейи түзүлгөн.

Талас районунун Кум-Арык айылындагы орто мектеп Кубанычбек Нурбековдун ысымын алып жүрөт.

Мыкты окумуштуу, коомдук ишмер ЖКнын Мыйзам чыгаруу жыйынынын экс-төрагасы, эмгек сиңирген юрист Усуп Мукамбаев: "Кудай же табият эне ага ички маданият, жогорку интеллект жана сезимтал жан берилген, бул аны замандаштарынан айырмалап турган. Көптөр бул дайыма тыкан жана жагымдуу адамдай болгусу келген. Адам сыртынан абдан жумшак, бирок ичинен күчтүү. Мен да Кубанычбек Нурбековду көп жагынан идеалдаштырганымды жашырбайм, Ал тамашаны ордуна коюп, өз оюн тайманбай, кыскача айта алат", – деп мүнөздөгөн.

Бүгүн кыргызстандыктар эгемендүү мамлекетибиздин Конституциясынын кабыл алынгандыгынын 26 жылдыгын белгилеп жатышат. Мамлекет жана укук теориясынын калыптанышына чоң салым кошкон белгилүү укук таануучу окумуштууну эскерүү жакшы болмок.

*Орус жана кыргыз тилдериндеги эмгектери:*

- Возникновение Киргизской Советской национальной государственности. – Фрунзе, 1964;
- История государства и права Киргизской ССР (1918-1936). – Фрунзе, 1965, 1970 (окуу китеби);
- Эркин Республикалар Союзунда. – Фрунзе, 1980;
- Государственно-правовое строительство Кыргызстана. – Фрунзе, 1981.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Урматова А.Д., Адамбеков А.Д. Чет өлкөлөрдөгү муниципалдык моделдердин салыштырма – укуктук анализи.\\Вестник КНУ, Бишкек -2018/3 (95), 129-б.
2. Литературный Киргизстан. 1972, № 4.
3. Асанов У.А., Жуманазарова А.З., Чоротегин Т.К. Кто есть кто в кыргызской науке: Краткий биобиблиогр. справочник докторов наук Кыргызстана / Под ред. акад. У.А. Асанова. – Бишкек: Гл. ред. Кыргызск. энциклопедии, 1997, 672 с.
4. Асанов У.А., Джуманазарова А.З., Чоротегин Т.К. Кыргызская наука в лицах: Краткий исторический и биобиблиографический свод / Отв. ред. У.А.Асанов. – Бишкек: Центр госязыка и энциклопедии, 2002, 544 стр., илл., карты. (ISBN 5-89750-142-4).
5. Талас облусу энциклопедия. – Бишкек, 1995.